Ноябрь 2025-ж., № 11 (169) чыгарылышы

# МУНИЦИПАЛИТЕТ

МУНИЦИПАЛИТЕТ –
БУЛ АЙМАКТЫН,
АЛ ЖЕРДЕ ЖАШАГАН КАЛКТЫН
ЖАНА ЖӨБ ОРГАНДАРЫНЫН
ҮЧИЛТИГИ

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ



## АЯЛДАРГА ЖАНА КЫЗДАРГА КАРАТА ЗОМБУЛУККА КАРШЫ 16 КҮНДҮК АКТИВДҮҮЛҮК

**Урматтуу**
**жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү, жергиликтүү жамааттардын лидерлери жана активисттери, «Муниципалитет» журналынын кымбаттуу окурмандары!**

## *Сиздерди келе жаткан Жаңы жыл менен чын жүрөктөн куттуктайбыз!*

ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУ

КР ЖӨБ Союзу
Союз МСУ КР
Union LSG KG

БОРБОРДУК АЗИЯНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ БАШКАРУУ АКАДЕМИЯСЫ
АКАДЕМИЯ МЕСТНОГО УПРАВЛЕНИЯ ЦЕНТРАЛЬНОЙ АЗИИ
LOCAL GOVERNANCE ACADEMY OF CENTRAL ASIA

Сиздердин талыкпаган эмгегиңиздер жана жогорку кесипкөйлүгүңүздөр Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн жашоо шарттарын жакшыртууга өбөлгө түзүүдө. Өнүгүү реформаларын ишке ашыруу, климаттын өзгөрүшүнө жана санариптештирүүгө ыңгайлашуу сыяктуу жаңы милдеттердин алдында турган учурда, сиздер күн сайын жергиликтүү жамааттардын көйгөйлөрү менен бетме-бет келип, ар бир кайрылууга жооп берип, ар бир үй-бүлөгө кам көрүп келесиздер.

Туруктуу натыйжаларга мамлекеттик, муниципалдык жана өкмөттүк эмес өнүктүрүү өкүлдөрүнүн тыгыз кызматташуусу, ишеним жана өнөктөштүгү аркылуу гана жетишүүгө болот. Ошондуктан муниципалитеттердин, мамлекеттик органдардын, жарандык коомдун жана жергиликтүү жамааттардын биргелешкен ишинин мааниси өтө чоң.

Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруусун өнүктүрүү боюнча Өнөктөштүктүн катышуучулары – Өнүктүрүү саясат институту, Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар союзу жана Борбордук Азиянын жергиликтүү башкаруу Академиясы – сиздердин татаал эмгегиңиздерди жогору баалап, колдоп келген жана мындан ары да колдой берет.

Келе жаткан 2026-жылы сиздердин потенциалыңыздардын мындан ары да бекемделишин, натыйжалуу чечимдердин киргизилишин жана кызматташуунун кеңейишин каалайбыз. Сиздерге жана жакындарыңыздарга чың ден соолук, бакубатчылык, туруктуулук жана эртеңки күнгө болгон ишеним каалайбыз!

**Кыргыз Республикасында ЖӨБдү өнүктүрүү үчүн Өнөктөштүк**

*Муниципалитет –
бул аймактын,
ал жерде жашаган калктын
жана ЖӨБ органдарынын
үчилтиги*

НОЯБРЬ 2025-ж., № 11 (169) чыгарылышы

# МУНИЦИПАЛИТЕТ

И Л И М И Й - П О П У Л Я Р Д У У   Ж У Р Н А Л

**Негиздөөчү жана басып чыгаруучу: Борбордук Азиянын жергиликтүү башкаруу Академиясы (БАЖБА) аркылуу Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)**

Башкы редактор:
ӨСИ башкаруучу төрайымы
Надежда ДОБРЕЦОВА
Аткаруучу редактор:
Нургүл ЖАМАНКУЛОВА
Кыргыз тилиндеги
котормонун редактору:
Нургүл ЖАМАНКУЛОВА
Дизайн жана жасалгалоо:
Адил АБДРАИМОВ
Кыргыз тилине которгон:
Зейнеп АЛТЫМЫШОВА

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат. Журнал акы төлөп жазылуу аркылуу таркатылат.

**Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт. Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.**

Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:
почта – Кыргыз Республикасы, 720001, Бишкек ш., Шевченко көч., 114, Өнүктүрүү саясат институту;
э-дарек – ndobretsova@dpi.kg
Телефондор: (0312) 97-65-30 (31, 32, 33, 34)
Факс: (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун жана БАЖБАнын кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Жалпыга маалымдоо каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.
**ISBN 1694-7053**

ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУ

## КӨҢҮЛ ЧОРДОНУНДА: ЖЕРГИЛИКТҮҮ ЖАМААТТАРДЫН ЖУМАЛЫГЫ-2025

Жарандар өнүгүүнүн кошо жаратуучулары болгондо: Жергиликтүү жамааттардын жумалыгы аракетте ..... 2

Бүгүнкүнү өлчөө менен, өлкөнүн аймактарын өнүктүрөбүз: Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинде Ачык эшиктер күнү ..... 4

Күчтүү шаарлар – күчтүү өлкө: Кыргызстанда Шаарларды колдоо долбоору башталды ..... 7

## ЖӨБДӨГҮ АЯЛДАР

Аялдарга жана кыздарга карата зомбулукка каршы 16 күндүк акция. Бакыта КАЧИКЕЕВА, укуктук эксперт: Кыргызстандагы ар бир үчүнчү аял өмүрүндө жок дегенде бир жолу зомбулукка кабылган ..... 10

“Жергиликтүү кеңештин аял депутатынын жергиликтүү демилгеси-2025” конкурсунун жеңүүчүлөрүн сыйлоо ..... 14

## ЖӨБДҮН МЫКТЫ ТАЖРЫЙБАСЫ-2025

1700 жаран өз муниципалитеттеринин мыкты тажрыйбасы үчүн добуш берди: “ЖӨБдүн мыкты тажрыйбасы-2025” конкурсунун жыйынтыктары чыгарылды ..... 17

Биринчи орун Кара-Кулжа айыл өкмөтүндө: "Зомбулукка каршы "маданий иммунитетти" тарбиялоо – жалпы жамааттын иши" ..... 19

Экинчи орунду ЖӨБ органдары жана жарандык коом менен кызматташтыкта аялдар үчүн ден соолукту чыңдоо борборун түзгөн Багыш айыл өкмөтү ээледи ..... 21

Үчүнчү орунду Тогуз-Торо айыл өкмөтү “Таза суу – жашоо булагы” демилгеси менен ээледи ..... 23

## “КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУНУ ӨНҮКТҮРҮҮ ҮЧҮН” ӨНӨКТӨШТҮГҮНҮН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ

Ноокат районунун Координациялык кеңеши Социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасын ишке ашыруунун жүрүшү боюнча жыйын өткөрдү ..... 25

Тоолор келечектин аймагы катары ..... 26

# ЗОМБУЛУККА КАРШЫ 16 КҮНДҮК КАМПАНИЯ

Социалдык тармактардан бул хэштегдер боюнча кошумча маалымат издесеңиздер болот:
#Зомбулукту_Токтот #Зомбулуксуз_Жаша #Останови_Насилие #Живи_Без_Насилия
#Права_Девочек #Права_Женщин #Аялдардын_Укугу #Кыздардын_Укугу



## БУЛ ЭМНЕ ДЕГЕН ИШ-ЧАРА?

Тилекке каршы, зомбулук, өзгөчө аялдарга жана кыздарга карата зомбулук, дүйнө жүзү боюнча орун алып келет. Андыктан, 1991-жылы мындай терс көрүнүштөрдү токтотуу жана азайтуу максатында Бириккен Улуттар Уюмунун алкагында «Зомбулукка каршы активизмдин 16 күнү» аттуу эл аралык кампания башталган. Бул кампания 187ден ашык өлкөдө, анын ичинде Кыргызстанда да жүргүзүлөт.



**Кампания жыл сайын 25-ноябрь күнү же Аялдарга карата зомбулукту жоюунун эл аралык күнүндө башталып, 10-декабрь күнү же Адам укуктарын коргоо күнүндө аяктайт.**
**Кампаниянын максаты – элдин арасында, өзгөчө аялдарга жана кыздарга карата зомбулукту токтотуу керек деген ойду калыптандыруу жана бул көйгөй тууралуу маалымдоо.**

**Бул кампаниянын символу кызгылт сары түс – зомбулуксуз дүйнөгө болгон аялдардын үмүтүнүн түсү!**



**Зомбулук деп физикалык, сексуалдык же психологиялык зыян же азап алып келген зомбулуктун ар кандай түрү эсептелет. Бул зордук-зомбулук, мажбурлоо же негизсиз эркиндигинен ажыратуу менен коркутууларды камтыйт.**

**Зомбулуктун бардык түрү адам укуктарын бузуу болуп саналат!**




**Көбүнчө, аялдарга жана кыздарга карата зомбулук – бул үй-бүлөлүк зомбулук болуп саналат.**
Үй-бүлөлүк зомбулук – бул үй-бүлөнүн бир мүчөсү тарабынан экинчи мүчөсүнө карата ар кандай формадагы физикалык (ур-токмок, жаракат алдыруу ж.б.), сексуалдык, психологиялык (кемсинтүү, мазактоо, негизсиз сындап басынтуу, коркутуу, шантаж, үркүтүү ж.б.), экономикалык (атайылап турак жайдан, кийимден, акчадан ажыратуу) зомбулукту колдонуу, ошондой эле базалык муктаждыктарга (тамак-аш, кийим, турак жай, билим алуу жана тарбия алуу, медициналык жардам жана кам көрүү) кайдыгер мамиле кылуу жана куугунтуктоо (жабырлануучунун эркине каршы багытталган, анын коопсуздугу үчүн коркунуч жараткан, түз же кыйыр байланыштарды түзүү, иштеген, окуган же жашаган жерине баруу ар**кылуу жүзөгө ашкан жүрүм-турум) болуп эсептелет.**

## ЖАРДАМГА МУКТАЖ УЧУРДА КИМГЕ КАЙРЫЛСА БОЛОТ?

**КРИЗИСТИК БОРБОРЛОРДУН БАЙЛАНЫШТАРЫ**

tinyurl.com/maalymat шилтемесин телефондун браузерине кирип, териңиз же телефондун камерасын (же сканерин) «төрт бурчтук кодго» каратып, жогорку шилтемени ачыңыз.

| | |
|---|---|
| 102 | Милиция |
| 112 | Куткаруу кызматы |
| 103 | Тез жардам |
| 115 | Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын ишеним телефону |
| 111 | Балдар үчүн ишеним телефону |
| 117 | Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин ишеним телефону |

ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУ

Бул постер Өнүктүрүү саясат институтунун долбоорунун алкагында даярдалды.
Материалдын мазмуну үчүн Өнүктүрүү саясат институту жоопту.



# ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУНУН ӨНҮГҮҮСҮ БИЛИМДЕН ЖАНА ТАЖРЫЙБА АЛМАШУУДАН БАШТАЛАТ!

**«Муниципалитет» журналына жазылыңыз – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун мыкты тажрыйбаларын бөлүшүү үчүн кесиптик платформа.**

**Актуалдуу аналитика, реалдуу кейстер, практикалык чечимдер, эксперттик пикирлер жана Кыргызстандын жана аймактын муниципалитеттеринин ийгиликтүү тажрыйбасы – баары бир басылмада.**

## КАБАРДАР БОЛУҢУЗ. ӨНҮГҮҢҮЗ. КОЛДОНУҢУЗ.

**2026-жылга карата "Муниципалитет" журналына жазылуу боюнча Гуляим ШАМШИДИНОВАГА кайрылыңыздар: +996 770 771-130, +996 500 324-945, +996 550 324-945**